БЕКИТЕМ
Мектеп директору
__________А.А.Мукамбетова

«25»сентябрь      2021-жыл

**Түп районуна караштуу Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин мугалимдер жамааты тарабынан педогогикалык кенешмеде кабыл алынган адеп кодекси.**

**Окуучуларга карата.**

**Мектептеги ар бир окуучуну жакындан билем.**

· Ар бирин абдан жакшы көрөм. Инсан катары мамиле кылам.
· Баардыгын бирдей көрөм.
· Окуучуларга баардык шартты түзүп берем.
· Окуучулардын талантын өстүрүүгө көмөктөшөм, кружоктун баардык түрүн иштетем.
· Окуучулардын психологиясына көз салам.
· Чынчыл,ак ниет, боорукер,эмгекчил,сыйчыл кылып тарбиялаймын.
· Мектеп бир үй бүлөө деген позицияны колдойм.
· Ар тараптан билимдүү жана тарбиялуу окуучуну мектеп босогосунан учурам.

**Кесиптештерге карата**

· Ар бир кесиптешимди сыйлайм.
· Баардыгына бирдей мамиле жасайм. Акыл насаатымды айтып, моралдык жактан колдоо көрсөтөм.
· Ар бир кесиптешимдин оюу баалуу, аларды уга да, түшүнө да билемин.
· Кесиптештеримдин каталарын айтууда купуялуулукту сактаймын.
· Жаш мугалимдер менен тыгыз байланыштамын.Сабактарына бат бат катышып турамын.
· Коллективимдин    ынтымактуулугуна абдан кубанамын.

**Жеке жоопкерчилик боюнча**

· Сабакты калтырбайм.
· Сабакка кечикпей келем жана өз буагында сабакка кирем, өзүмдү тыкан алып жүрөм, одоно кийимдерди кийбейм, баш кийимди чечип сабакка кирем.
· Ар бир ишке жоопкерчилик менен мамиле жасайм.
· Өзүмдүн предметим боюнча ар дайым өз билимимди өркүндөтүүнүн үстүндө иштейм.
· Окуучулар жана кесиптештерим менен тил табышам.
· Тарбиялоо процессинде,класстан тышкаркы иштерге ар дайым катышам.
· Өзүмдүн педогогикалык тактикага жараша алып жүрөмүн.

**БЕКИТЕМ**
**Мектеп директору**
**__________А.А.Мукамбетова**

**«25» сентябрь 2021-жыл**

**Түп районундагы Бирлик жалпы орто билим берүү мектебинин мугалимдерди жумушка кабыл алуу эрежелер топтому.**

**Кадамдар:**

· Мугалимдердин адистиги , билими тураалу документи бар экендиги.
· Медициналык кароодон өтүүсү.
· Директордун атына арыз.
· Үч тараптуу эмгек келишимин түзүү (кызматтык милдеттер, иш мөөнөтү, укуктары, адеп кодекси)
· Жумушка кабыл алуу буйругу.
· Эмгек китепчесине буйрук түшүрүү жана тиешелүү документтер менен жеке карточкасын толтуруу.

**Жумушка орношуп жаткан мугалим төмөндөгү документтерди алып келиши керек:**

· Өздүк баракча.
· Паспорт.
· Эмгек китепчеси.
· Аскер китепчеси.
· Билими тууралу документ.
· МВД дан соттолбогондугу тууралуу маалымдама.
· Автобиография.
· Медициналык китепчеси.

**Жумушка кабыл алынбайт:**

· Соттун чечими менен педогогикалык ишмердүүлүк менен иштөөгө тыюу салынат.
· Соттолгон мөөнөтү бүтө элек болсо.
· Педагогдук ишмердүүлүктү аркалоого мүмкүнчүлүгү жоктор.

**БЕКИТЕМ**
**Мектеп директору**
**__________А.А.Мукамбетова**
**«25»сентябрь 2021-жыл.**

**Мектептин персоналдары үчүн этикалык нормалардын эрежелери**

· Ар бир педогог өзүнүн жүрүш-турушу менен, гумандуулугу менен окуучуга кылган мамилеси менен өзүнүн этикалык тарбиясын көрсөтөт.

· Мектептин уставын аткарууга жана ички эмгек эрежелерин сактоого милдеттүү.

· Адамдын ар намысын сыйлоого негизделген тартипти сакташы керек.

· Окуучуларга карата күч колдонууга жана психологиялык басым жасоого жол берилбейт.

· Учурдун талабына ылайык педагог өзүн-өзү өнүктүрүү керек.

· Мамлекеттик стандарттан төмөн эмес денгээлде билим берүү программасын окуучулар тарабынан өздөштүрүүсүн камсыз кылуусу зарыл

· Окуучулардын билим алууга карата өз алдынчалыгын, чыгармачыл мамилесин өнүктүрүүгө, жогорку нравалуулук нормаларды калыптандырууга милдеттүү.

· Педогогикалык этиканын нормаларын сактоосу керек.

· Окуучулардын ден-соолугун коргоого-карата камкордук мамиле жасоо.

· Мезгилдин талабына ылайык билим берүүнүн жаны технологиясын колдонууга милдеттүү.

БЕКИТЕМ
Мектеп директору
__________А.А.Мукамбетова
«25»сентябрь 2021-жыл.

**Окуучуларды бүтүрүү боюнча эрежелер топтому:**

- Педогогикалык кенештин чечими менен 9-11-класстар бүтүрүү аттестациясынына киргизилет.
- 9-11-класстар үчүн жыйынтыктоо аттестациясын өткөрүүдө тандалуучу предметтер жана экзамендердин орду жана убактысы бекитилет.
- Бүтүрүүчүлөр дене-тарбия сабагы боюнча нормативдерди аткарууга милдеттүү.
- Өз убагында жыйынтыктоо аттестациясын тапшырууга тийиш.
- Акыркы пед.советтин чечими менен негизги билими жана орто билими туралуу документти алат.

**Окуучуларды мектепке кабыл алуу эрежелери:**

Окуу процесинин катышуучулары болуп окуучулар,алардын ата-энелери, мугалимдер жана башка мектепте иштеген жумушчулар кирет.

Мектепке кабыл алыш үчүн төмөндөгү документтер кабыл алынат:

1. Мектептин директорунун атына арыз:
2. Туулгандыгы тууралуу күбөлүк:
3. Медициналык справка:
4. Ата-энесинин паспортунун көчүрмөсү жана жашаган жериндеги справкасы:

**2-9-класстарга кабыл алуу:**

5. Мектеп директоруна арыз:
6. Окуучу мурун окууган мекеменин мөөрү басылган өздүк делосу (чейрек,жылдык баасы менен)
7. Ата-энесинин паспортунун көчүрмөсү .

**10-11-класстарга кабыл алуу;**

8. Мектептин директорунун атына арыз;
9. Толук эмес орто билими тууралуу күбөлүгү; (көчүрмө)
10. Окуучу мурун окууган мекеменин мөөрү басылган өздүк делосу (чейрек,жылдык баасы менен)
11. Ата-энесинин паспортунун көчүрмөсү .